# Кыямат күнү ыймандуу адамдын таразасына салмак боло турган жакшы кулк-мүнөздөн өткөн оор нерсе жок. Чынында, Аллах бузуку жана богооз адамдарды жаман көрөт

Абу Дарда (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кыямат күнү ыймандуу адамдын таразасына салмак боло турган жакшы кулк-мүнөздөн өткөн оор нерсе жок. Чынында, Аллах бузуку жана богооз адамдарды жаман көрөт".
[Ат-Тирмизи жазып калтырган.]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кыямат күнү ыймандуу адамдын таразасына салмак боло турган иштердин жана сөздөрдүн эң оору - жакшы кулк-мүнөз экенин айткан. Жакшы кулк-мүнөз - бул, жарык маанай, эч кимге зыян тийгизбөө, жакшылыкты көп кылуу ж.б. Аллах Таала иши жана сөзү бузук адамдарды жана сүйлөгөн сөзү башкаларды иренжите турган адамдарды жакшы көрбөйт.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee